# ЕАЭБ: ЧЕК АРАДА КЕЗЕККЕ ТУРГАНДАР КЕСКИН АЗАЙДЫ




*10-февралда, Кыргызстандын Мамлекеттик чек ара кызматы жана Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы Кыргызстан ЕАЭБге кошулгандан бери 6 ай өткөндүгүнө байланыштуу чек арада көзөмөл өткөрүү бекеттеринде журналисттерге пресс-тур өткөрдү.*

Кыргызстан ЕАЭБге кошулгандан бери "Ак-Жол" чек ара бекетинде бир топ жеңилдиктер болгон. "Ак-Жол" чек ара бекетинин башчысы Нуркалый Сопуевдин айтымында, кызматкерлер атайын жаңы техникалык жабдуулар менен камсыздалган. ***"Көзөмөл өткөрүү бекетинен күн сайын 1000ге жакын жарандар, 1500гө жакын автомашина өтөт. Бажы биримдигине кошулгандан бери кезекте тургандардын саны азайды. Себеби, жарандардын документтерин текшерүүгө 2 мүнөт, автоунааларга 10 мүнөт гана талап кылынат"***, – дейт Н.Сопуев.

Ал эми "Манас" аэропортундагы башка мамлекеттерден Кыргызстанга келип кетүүчү товарларды текшерип өткөрүүчү Бажы көзөмөл башкармалыгында, биримдикке кошулгандан бери бажы системасы электрондоштурулган. Бажы көзөмөл башкармалыгынын башчысынын орун басары Кубаныч Жунусов ар бир жүктү каттоого алууга 15-20 мүнөт убакыт керектелерин билдирди. ***"Кардарлар бажы текшерүүсү жок эле баракчага жүгүнүн санын, салмагын каттатып фитосанитардык уруксаты менен гана товарын алып кете алышат. Бажы биримдигине кошулгандан кийин Россия мамлекети жардам катары техникалык жабдуулар менен камсыздаган. Мисалы, зер буюмдарын алып өтүүдө анын курамында кандай заттар бар экендигин текшерүүчү атайын жабдык алынып келинген. Бул да ишти жеңилдетип, өткөрүүнүн бир фактору болуп эсептелет"***, – дейт К.Жунусов.

Биримдикке киргенден тарта "Манас" Эл аралык аэропортунда Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук инспекциясынын лабораториясы ачылган. ЕАЭБге киргенге чейин иштөөчү, эс алуучу жана текшерүүгө ала турган лаборатория болгон эмес. Инспекциянын башчысы Таалай Айткуловдун айтымында, мурда инспекциядан өтүүчү жүктөрдүн баары Бишкекте жайгашкан лабораторияга жиберилип "текшерүүдөн өттү" деген маалымкаты менен гана уруксат берилген. ***"Учурда импорт, экспорт болгон товарлар атайын "сейф пакет" деп аталган лабораториядан текшерүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү"***, – дейт инспекция башчысы Т.Айткулов.

**Айнура ШАЙКЕЕВА**



# ЖАШТАР ЭРТЕҢКИ ИЙГИЛИК ЖАРАТУУЧУЛАР

**"Кыргызстанда жалпы жарандык бирдейликти жана элдин улуттук биримдигин калыптандырууда жаштардын ролу"** аталыштагы форум Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде болуп өттү. Манас университетинде 14-15 улуттун жаштары билим алышат.

Негизинен ынтымакта жашоо, инсандар аралык мамилелер, жүрүм-турум жана ниеттин тазалыгы тууралуу маалыматтар, дүйнөлүк китептерде да, Ыйык китептерде да чагылдырылып келген. Кыргызстан жаштарынын арасында жалпы ынтымакты, жарандык бирдейликти жана этностор аралык толеранттуулукту калыптандыруунун формаларын, милдеттерин жана жолдорун аныктоодо бул форум өз ишин жемиштүү аткарды. Буга чейин да өлкөбүздүн айрым аймактарында да жаштардын атайын форумдары өтүп келген. Тарых жана маданият жылына төп келген бул иш-чара жаштарды бир топ шыктандырды. Бүгүнкү жаштар эртеңки келечектин ийгилик жаратуучу ээлери жана аларга болгон үмүт, камкордук көз жаздымда калбай тургандыгына дагы бир жолу ынандык.

КР Президентинин Аппаратынын өкүлү Санжарбек Тажибаев өз сөзүндө: ***"Дүйнөлүк аренага чыгууга, башка мамлекеттер менен тең тайлашууга бизде мүмкүнчүлүктөр бар. Буга биздин бай тарыхыбыз, маданиятыбыз жол ачып бере алат. Эң негизгиси руханий баалуулуктарыбызды жогору баалашыбыз керек. Урматтуу келечек ээлери, силер үчүн колдоолор болуп турмакчы"*** – деди. ***"Мындай форумдардын өз нугунда уюштурулуп турушу жаштардын улутуна карабай бири-бирине болгон ынтымагы арта бермекчи"***, – дейт өкмөт аппаратынын өкүлү Адилет Бекбоев. Ал эми Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары Бакыт Эгембердиев жаштар бардык региондорду кыдырып, алардагы өзгөчөлүктөр, баалуулуктар менен кеңири таанышып турушса ынтымак биримдикти түптөө жолго коюлат деген оюн билдирди. Чындыгында азыркы коомдо жаштардын алдында чоң жоопкерчиликтер жана милдеттер турат. Аларга туура багыт, жол көрсөтүү зарыл. Муну менен эмнени айтууга болот? Албетте, биздин күнүмдүк турмушубузда азыркы жаштардын жүрүм-туруму менен турмуштук мүдөөлөрүнө исламдын таасири күчөп жаткандыгын байкоо анчейин кыйын эмес. Ушундан улам коомубузда ынтымакты жана зомбулуксуз жашоо маданиятын калыптандыруу үчүн исламды таанып-билүү зарылдыгы келип чыгууда. Ошол эле учурда адеп-ахлактуу инсанды тарбиялоо ислам дининин негизги милдеттеринин бири. Кыргыз коомчулугунун алдында да ушул милдеттер турат. Биздин өлкөдө тынчтыктын жана ынтымактын туруктуулугу, жарандык шайкештиктин калыптанышы мамлекеттүүлүгүбүздү бекемдейт. Кыргызстанда жалпы жарандык бирдейликти жана элдин биримдигин бекемдөөдөгү жаштардын ролу бүгүнкү форум менен гана чектелип калбайт.

**Айзада ДҮЙШӨНБАЕВА**

# "КАБАР" маалымдайт

## ДЫЙКАНДАРГА 10% МЕНЕН 3 МЛРД СОМ ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН НАСЫЯ БЕРИЛЕТ

**Мындай маалыматты өкмөт аппаратынын агроөнөржай комплекси жана экология бөлүмүнүн башчысы Алмаз Жээналиев билдирди. Мындан тышкары алгачкы ирет 100 миң сомго чейин кредит алгандарга күрөөсүз акча берилет жана мал чарба тармагында каражат алгандарга үч жылдык мөөнөт белгиленди.**

Кыргыз өкмөтү 15-январда "Айыл чарбасын каржылоо-4" программасын кабыл алып, токтомдун негизинде 3 млрд сом жеңилдетилген кредит берүү чечимин чыгарган.

## РОССИЯДАН КҮЙҮҮЧҮ МАЙ ЭКСПОРТТУК ПОШЛИНАСЫЗ ТАШЫЛУУДА

**Кыргызстанда бензин жана дизелдин Россиядагыдай арзан болуусу Кыргызстан менен Россия президенттеринин макулдашуусуна ылайык, россиялык күйүүчү-майлоочу майдын экспорттук пошлинасыз ташылуусунан улам болууда. Бул тууралуу Кыргызстан мунай сатуучулар ассоциациясынын президенти Медетбек Керимкулов билдирди.**

Анын маалыматына караганда, мунай өнүмдөрүн Россиядан пошлинасыз ташуу Кыргызстанга бир кыйла суммаларды үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк берет. 2015-жыл ичинде үнөм 78, 5 млн АКШ долларын, ал эми 2014-жылы 322 млн АКШ долларын түзгөн.

"Мындай жеңилдиктерди бизге бир дагы өлкө берген эмес. Башка өндүрүүчүлөр мунайзатты дүйнөлүк баалар менен сатууда", – деди ал.

## 650,6 МИҢ ГЕКТАР ЖЕРДИ ШОР БАСКАН

**Кыргыз Республикасынын жер балансы боюнча 2014-жылга карата 10561,2 миң гектар айыл чарба жерибиз бар. Анын ичинен 650,6 миң гектар жерди шор баскан. 5699,8 миң гектары суу эрозиясына, 5789,3 миң гектары шамал эрозиясына чалдыккан, 4272,0 миң гектары – таштак жерлер.**

Айыл чарба жана мелиорация министрлигине караштуу Суу чарба жана мелиорация департаментинин маалыматы боюнча 1,0 млн гектар сугат жердин 0,8 млн гектары –жакшы, 61,8 миң гектары –канааттандырарлык, 96,7 миң гектары канааттандырарлык эмес абалда.

## ЖАЗГЫ ТАЛАА ЖУМУШТАРЫНА 58 МИҢ ТОННА ҮРӨН КЕРЕКТЕЛЕТ

**Бул тууралуу республикалык үрөнчүлүк инспекциясынан билдиришти.**

Азыркы тапта 47 миң тонна үрөн, башкача айтканда керектөөнүн 82% кампада даяр.

Учурда Кыргызстанда сапаттуу үрөн өстүрүүчү 130 чарба бар. Ал чарбалар 50 миң гектар жерге үрөн өстүрөт.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН 15 ИШКАНАСЫ РОССИЯГА ПРОДУКЦИЯ САТУУГА УРУКСАТ АЛДЫ

**8-февралдан тартып Кыргызстандын 15 ишканасы өндүргөн продукциясын Россия Федерациясына ташып жеткирүүгө уруксат берилди. Бул тууралуу вице-премьер-министр Олег Панкратов маалымдады.**

Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргызстан үчүн азырынча айрым бир чектөөлөр бар. Ал чектөөлөр көбүнесе ветеринардык кызматтарга байланыштуу. "Бирок ага карабастан Кыргызстан Кытай, Казакстан менен чек арасынын өткөрүү пункттарын жасалгалап, лабораторияларды жакшыртууга жетишти. Ошонун аркасында Россельхознадзор өткөөл чечим кабыл алып, Кыргызстандан продукция ташып киргизүүгө уруксат берди. Буга чейин биз Казакстанга гана продукция ташып чыгарсак, эми Россиянын чоң рыногуна жол ачылды", – деди ал.

Уруксат берилген продукциялар негизинен термикалык кайра иштетүүдөн өткөн сүт жана балык азыктары.